
# Мактанчаак кыз



Автор: Наргиса Карасартова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

# Мактанчаак кыз

Автор: Наргиса Карасартова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Мактанчаак кыз» (кыргыз тилинде), автор Наргиса Карасартова, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Айжамал Молдогазиева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Автобустун ичи элдерге, алардын сумкаларына жана ар түркүн бакылдак сөздөргө толуп чыкты. Ошол күнү чоң энеси турчу кыштакка баруу үчүн Айсулуу апасы жана эжеси менен жолго чыккан.

– Ой, апа, биз Москвага чейин качан жетебиз? – деп кайта-кайта сурай берди.

Бул сөздөрдөн улам апасы өзүн ыңгайсыз сезди, ошон үчүн ага түшүндүрө баштады:

– Чүш…Тынч, болбогон сөздү айтпачы, биз Москвага эмес, кыштакка барабыз.

Жол Айсулууга бүтпөстөй көрүндү, анан ал бардык жүргүнчүлөр өзүнө карай тургудай кылып, минтип катуу айтты:

– Бул менин кооз, сары көйнөгүм, аны атам Москвадан апкелип берген. Атам Москвага дайыма командировкага барып турат. Биз дагы азыр ошол жакка барабыз. А бул туфлимди Минскиден апкелген. А бул Корней Чуковскийдин жаңы, кооз китеби менен кызыл сумканы Киевден сатып келген…

Бул үчүн апасы ого бетер ыңгайсызданды:

– Мен сага айтып жатам го, биз кыштакка баратабыз, бул жерге Москванын эмне тиешеси бар? Мактанычтын да чеги болот!

Ошентсе да, Айсулуу жүргүнчүлөрдүн маанайын көтөрүп койду. Элдер аны карап күлүп калышты.



– А сен бир ыр билесиңби? – деп алды жакта отурган бир чоң ата кайрылды, мисалы, «Ёлка, ёлка – керемет!».

– «Ёлка, ёлка – керемет» – бул – кичинекей бөбөктөрдүн ыры, а мен босом, экинчи класста окуйм! Мен көп ырды билем. Мына угуп тургула, мен «Уурдалган күндү» кандай айтат экенмин!

Бул сөздү угуп баары карап калышты, анан алырды көркөм жана үнүн катуу чыгарып айтып кирди:

«Күн серүүндөп жүрүп асманда
Жашынып калды булутка,
Бир кекеч аны карады,
Кекечке болду караңгы…»

Кээ бир жүргүнчүлөр кол чаап жиберишти.

Аны менен катар отурган  Айбийке бир нерсе айткысы келди, бирок ылайыктуу сөз таба албады. Анан эсине түшө калып, кубанып кетти:

– Айсулуу, сен чыныгы ойдон чыгаргыч же кыялкеч экенсиң, же туура айта албай жатамбы…





Качан алар айылга жеткенде эжеси жеңилдеп улутунуп калды:

– Акыры, биз Москвага жетип келдик.

А бирок көчөдө баратышып, ал кайра оор улутунуп минтти:


– Бул Москва эмес эле, кадимки кыштак турбайбы!


Үйгө жеткенде чоң апасы аларды боорсок жана куурма чай менен абдан жакшы тосуп алды. Тамактанган соң кыздар көңүл ачып басып келүүгө чыгышты. Айсулуу китеп салган сумкасын ала чыкты.

– Кечке чейин үйгө келгиле, – деди апасы, анан Айсулууну карап, минтип кошумчалады, – А сен кичине токтоо бол, токтоолук – адамдын көркү болот.

Айсулуу таң калды:

– «Токтоолук – адамдын көркү»? Мен түшүнгөн жокмун. Мына, чоң апамды көйнөгү кооздоп турат. А Гүлнара таежемдин көйнөгүнүн кооз төөнөгүчү бар. Апамдын эриндеринин эндиги жана бийик такалуу туфлиси бар. Сен, Айбийке, өзүңдү көйнөгүң жана сумкаң менен кооздойсуң, а мен чоң бантиктерим менен … Бирок, кантип эле токтоолук адамдын көркү болуп калсын?! Улуулар кандайдыр бир кызык ой жүгүртүшөт, – деп ойлоду  Айсулуу.





Кыздар таш төшөлгөн көчө менен, жапыс үйлөрдү карап келе жатышты, аңгыча, аларды бир чоң эне кызыгып токтотуп калды:

– Силер кимдин кыздарысыңар? Мен силерди буга чейин эч качан көргөн эмес элем.

Айсулуу ойлонбостон эле, минтип жооп берди:

– Мен шаардыкмын, – деп сумкасын көрсөттү да, мындай деп кошумчалады, – бул сумкамды атам Киевден апкелип берген.

Айбийке капалана түштү:

– Сен эле эмес, мен дагы шаардыкмын да…

Кыздар өздөрүнчө талашып-тартыша кетишти, а чоң эне алардын кимдин кыздары экенин биле албай, өз жолу менен кетти.



Бир аз сейилдегенден кийин Айсулуу кокуйлап ойкуштана баштады:


– Ой, бул жердин жолдору жаман экен… Деги, бул жерде эч кандай кызык нерсе жок экен…

– А бул жерде кызыктуу эмне болмок эле?

– Адам кызыгарлык нерселер...

– Ал эмнелер? – Айбийке кызыгып сурады.

– Мугалим эжейим айткан, кооз жана тарыхый жерлер деп…



– Айлананын баары кооз, көрдүңбү, бул кыштак сен айткан – адам кы-зы-гар-лык эле жер. Карачы, бийик тоолор, алар тарыхый нерселер, анткени ал жерлерде көп тарых катылып жатат. Тээтиги жерден карагайларды көрүп турам.

– Тоолор жана карагайлар – бул, кызыгарлык нерсе эмес, ал – табият. Анда эмне тарыхый нерсе бар экен?

– Тоолор бул жерлерде илгертен бери турат, апам кичинекей чагында ошол жерге чыкканын айткан. Мына ошон үчүн ал – тарых!

– Сен эч нерсе түшүнбөйт экенсиң, кел андан көрөкчө, үйдүн жанында ойнойбуз.

– Эй, сен эмне кылып жатасың? Токтот! Ата-энең урушпайбы! – деп кыйкырып жиберди курбусу.

Айжан терезе парданын кесиндисин алып, өзүн узун көйнөкчөн көргүсү келип, күзгүгө көрүнүүгө шашты. Шашып баратып чалынып жыгылды эле, туфлинин бийик такасы сынып калды.

Кыз ыйлап жиберип, кайра “өзүнө келди”:

– Апам капа болот, ал бу туфлисин абдан аячу эле...

– А терезе парданы эмне үчүн кестиң? – деп таң калып турду.

– Ага сен күнөөлүүсүң? Узун көйнөгүң болбосо, колуктулукка албайт сени деп айтпадыңбы!

Аларды айылдык балдар көрүп калышкан экен, алар башкаларына «шаардан жаңы кыздар келишкенин» айтышыптыр. Эже-сиңдилерди аркы-берки көчөнүн балдары тегеректеп калышты. Көчөгө бир канча балдар толуп калышканынан, Айсулуунун көңүлү көтөрүлө түштү. Ал жанагы автобустагыдай, элдин көңүлүнүн борборуна айлангандай сезди өзүн.

– Ушул жердеги эч бир кыздын Москвадан апкелген кооз сары көйнөгү, Минскиден апкелген туфлиси, Киевден апкелген сумкасы жана Корнея Чуковскийдин «Уурдалган күн» деген китеби жок! Эч ким мендей көркөм жана катуу айта албайт! Ошон үчүн, отургула, айткыла жана үйрөнгүлө!

Балдар отуруп калышты да, ал кандай көркөм жана шаңдуу кылып ырды айтканын оозун ачып угуп калышты. Ал өзүнө ишенип, токтоо жана ыраазы эле.

– А силер ушундай көркөм окуй аласыңарбы?!

Балдар чогуу айтып жиберишти:

– Жок!

– Мен тапкан экенмин, кимден сурашты?

Ошондо Айбийке кыштактын балдарына болуша кетти:

– Сен эмнеге аларды капа кылып жатасың?! Салабаттуу болуш керек. Апам айтпады беле, адамды токтоолук сулуулайт – деп.





– А атам мага, өзүңдү жана талантыңды эл алдында көрсөтө бил деп айткан да.

Айбийке катуу ойлоно калды да, анан мындай деди:

– Атам туура айкан, талантты көрсөтө билиш керек, апам да туура айткан, токтоо болуш керек деп.

– Кымбаттуум, андай болбойт: экөөнүн бири болуш керек! – деп кыйкыра айтты Айсулуу.

Балдар, силер кандай ойлойсуңар? Силер кимисине макулсуңар: Айсулуугабы же Айбийкегеби?

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Наргиса Карасартова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли